Дубурт
А-90.



НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

ДУДУК

84Кг4

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯ

Н. Асанбаев

ДУДУК

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 90

Асанбаев Н.
А 90 Дудук. Б.: 2016. – 64 б.

ISBN 978-9967-468-86-3

Автор бул китебинде кичинекей дудук баланын тагдыры
луу кийинки мезгилдерде коомдо болуп жаткан кылмышкер
терс көрүнүштөрүн чагылдырган.

А 4702300100 – 16

УДК 821.
ББК 84 К

ДУДУК

Түндүн коюу караңгылыгы тарап, жерге жарык түшө баштады. Жарыктын кириши менен уясынан бырп учкан канаттуулар чыркылдап ары-бери учуп, таң менен кошо ырысын издеп жарышка чыгышты. Жаңы чабылган сап-сары аңыздарда үйүр-үйүр жылкылар, агытылган аттар, субай уйлар шашпай оттоп, жайылып жүрөт. Бул тегеректе ушул бейкапар оттогон мал-жандыктан башка адамзаты ойгоно элек болчу.

Аңгыча аңыздын четиндеги дөбөнүн бооруна кандайдыр бир машина келип токтоду. Ичинен шартылдай кыймылдаган эки жигит чуркап чыгып, арткы жүк салгычын ачты да, башына кап оролгон бирөөнү сууруп чыгышты.

– Ымтырабай болгула, жерге жарык кирип баратат! – деп зекиди алардан кийин машинадан түшкөн киши тигил экөөнү. Ансыз деле дуңкулдап шашып жүргөн жигиттер каптагы адамды тыбырап туйлаганына карабай дыркырата сүйрөп жөнөштү. Дөбөнүн бир капталы ак тополуу жарча боло турган. Бул айылдын эли кыш куюп, шыбак шыбаганга топуракты ушул дөбөдөн алышчу. Калган жердин топосу кара келип, курулушка жарачу эмес. Натыйжада дөбөнүн бир башы аңырая казылып, ар кай жерине көлкүлдөп суу толуп, кээ бир качанкы казылгандарын бийик өскөн куурай, коко-тикен басып жатат.

Эки жигит жанагы бечараны түз эле ошондой оюктун бирине дыркыратып сүйрөп барышты. Үчүнчүсү болсо алардын артынан эки күрөктү сүйрөп ээрчип келатат.

– Тетигил чуңкурга алып баргыла! – деди ал берки экөөнө жарчанын дал түбүндөгү чуңкурду жаңсай көргөзүп. Тигилер буйрукту кынк этпей аткарышты. Эки колтуктан кармап, дырылдата сүйрөгөн бойдон айтылган чуңкурдун жээгине алып келип, тизелете чөгөрүштү.

– Чеч башындагыны!

Колундагы күрөктөрдү нары жакка таштап, күрмөсүнүн ички

Тырс эткен туюк үн чыкты артынан. Тапанчанын оозуна бура
үн каткыч добушту думуктуруп жутуп койду. Тизелеп оту
шордуунун башы артты көздөй шылк дей түшүп, денеси м
кошо оор барып казылган чуңкурга кирип кетти.

– Ылдамыраак көмүп салгыла! – деди тапанча кармаган к
эки жигитке. – Болгула! Эл тургуча жок бололу бул жерде

Жигиттер жерде жаткан күрөктөрдү ала коюп, чуң
көздөй аңдын боорундагы бош топурактан омуруп киришти
заматта айлананы чаң каптап, бырпырап жатып калды.

– Туй иттики, ушунтип чаңдай берет эми. Силер көмүп к
лечи, мен бара берейин.

Тапанчасын кайра боорына катып, кылган ишине маа
лангандай кыңылдап ырдап, машинаны көздөй басты. Бирок
бул кыңылдаганы көпкө узаган жок. Машинасын айлана б
оттоп чыга келген койлорду көрүп жүрөгү оозуна кептеле ту
«Бул маалда жайытка чыккан кайдагы койлор?!» Ушул
анын жүрөгүн элеп-желеп кылып жиберди. Жанындагы б
өскөн куурайга жашына калып, колуна тийген таш-паш м
тигил экөөнү уруп өзүнө чакырды. Иштин кызуусуна кирип
немелер анын таш ырыгытып, чакырып жатканын бир
барып байкады.

– Токтоткула! Жашынгыла! – деп жаңсады экөөнө. Ти
ишин дароо токтотуп, жанындагы эле чуңкурга кире калы

Койлордун артынан чыга турган койчуну күтүп, эки ж
аландай карап отурду. «Кайда жоголду экен? Буларды к
качып кетпеди болду бекен? Шайтан алгырдыкы, таң атпа
жайып киши келет деп ким ойлоптур». Ичинен кайра-к
сөгүнүп айланасын карай берди.

Мындайда бир дагы күбө калтырууга болбойт. Бир эле а
чыгып калса эртең айыбы ачылып калышы мүмкүн. М
корккону эле ушул.

Эки жагын аңдый карап алдыга жылды. Эңкейип жорго
бойдон машинага жетти. Бирок, ичине отурган жок. Машин

мындан үркүп дүр этти эле, бала селт эте бурулуп буга көзү илинди. Экөөнүн көзү чагылыша түштү бир заматта. Анан кудум бирөө буйрук бергенсип, экөө тең жашынган жерлеринен ыргып турушту. Эми ылдамдабаса болбойт. Дароо колундагы тапанчасын сунду дагы туштай кармап машаасын басып-басып жиберди. Бирок, мынча аралыктан жай убакта да түз тийгизе алчу эмес. А минтип өпкөсү көөп, шашып турганда таамай атуу кинодо гана болоор. Айткандай эле октору кайда кеткени белгисиз жок болду. Бала болсо шарт бурулуп аңгектин наркы тушундагы коктучага кирип кетти. Ого бетер шаштысы кеткен неме күлтүңдөй чуркап артынан түштү. Бирок, денеси оор тартып калган жаны күүлөнгүчө бала бир топ узай түшүптүр. Чимириктей чимирилип бараткан немеге тирүүлөй жетпесине тез эле көзү жетти. Туш келди тизелей калып удаама-удаа ок чыгарды. Бул эми такыр эле айласы кеткен кишинин аракети болчу. Октору таптакыр башка жерлерди чаңдатып гана тим болду.

Акыры аңдын кырына чуркап чыгып тигил экөөнө кыйкырды.

– Нурик чурка! Айылды көздөй кетти. Тезирээк! Өлсөң да калба артынан! А сен, күрөктөрдү алып чоң жолго чык!

Өзү болсо күлтүңдөй чуркап машинасына отурду да дөңдү айланып өткөн топурак жол менен чоң жолду көздөй чаң ызгытып жөнөдү. «Баланы айылга жеткирбей кармаш керек!» Ушул ой мээсинде тынымсыз кайталана берди. Чаңы сапырылган жолду буркурата тебелеп, аңды-дөңдү карабай уруп баратат. Талаа сугарган арыктардан тим эле дөңгөлөктөрү жулунуп кетчүдөй дүңкүлдөп отуруп, бат эле айылды көздөй кеткен чоң шагыл жолго чыкты.

– О, Кудай эми жеткире көр! Эми жеткире көр! – деп ичинен Кудайлап алып, газды өкүртө басып зуулдатып жөнөдү. Бала качып бараткан бир таман жол дөңдөн тик түшкөндүктөн айылды көздөй ылдыйыш экен дагы, дөңдүн артынан айланган чоң жол кыйла эле өр тартып кетет экен. Ошондон улам алдындагысы жакшы күүлөнө албай озондоп өкүрүп баратат. Тигине, эрбеңдеген бала сары талаа менен айылды карай чымылдап баратат. Артында

кыл чайнашкан учур. Чымындай жанын ала качкан бала, күлүктөй кадамы тик сайылган узун бут жана өр тарткан жол күүлөнүп-күүлөнө албай күркүрөп, албууттанып келет машина...

* * *

Бала болуп башына түк чыкканы кыштагы көзүнө мынча ысык көрүнгөн эмес чыгаар. Жаак ылдый салаа-салаа жаш ке аңды-дөңдү карабай чуркап баратты. Шордуу жаралгандан үнү чыкпаган дудук болчу. Болбосо эчак эле айгай салып, жаңырта кыйкырып жөнөсө жанын арачалап калмакка алдь бирөө жарым чыгаар беле. Аттиң десең... Айылдаштары караанына ушунча зар болгон жок эле буга чейин. Тескериси алардан жаа бою качып, жалгыздап басканды каалачу тартканы адам уулунан көңүлү калып, эч бирөөнөн жылуу күтпөй жетилип келаткан. Мына эми бүгүн минтип бир кара зар болуп келатканын карачы. Жан таттуу деген ушул атаганат.

Кыштактын четки тамдарына жетээрине да аз калды. Арт дүпүлдөгөн дабыш болсо уламдан-улам жакындап келатат. үч аттаган жерди ал бир эле аттап келаткансыйт тим эле. Би бурулуп караганга чамасы да келген жок. Аңгыча оң капталынан таш жолдун чаңын бурулдата сапырып келе машинаны көргөндө бечаранын кымындай жүрөгү дагы бир ж солк этип, көзү караңгылай түштү. Бирок, тубаса көк бетті карматып, күүсүнөн жазбай айылын көздөй түп-түз келе бе

Кыштактын эң четки көчөсүнө бурула берээр жерге маш менен чогуу жетти байкуш бала. Алдына күү менен келип ж торой токтогон машинадан жанагы буурул чач киши шып ыргып чыкты. Бирок, бала да туруп калган жок. Дале буру чаңы сапырылып турган машинанын артын карай шарт бур чуу койду. Жанагы адам жакшы эле кол сермеп келип карм эле, ансыз да самсаалап айрылайын деп турган чаар бешмантъ кармаган жери колунда калып, бала колдон суурулган самы

Ушул убакта анын так эле түбүнө дагы бирөөлөр та
чуркап келди. Ал ушунчалык жакын келгендиктен көзү у
ачылып, чакчая түштү. Эгер үнү чыкканда бакырып жиб
да мүмкүн эле. Бирок, үн чыгаруу деген нерсе ага дегеле бу
эмес. Көздөрүн аландаткан бойдон чөптүн тереңине ого
тыгылып отура берди. Жанагы келген неме болсо өзү о
жердин так эле түбүндө турат. Дудуктун көзүнө жанагы та
кармаган киши кайра элестеди. Ал азыр мунун чыгышын
чөптүн түбүндө турат окшойт. Аңгыча нарытан дагы
шашпай басып келди эле тиги биринчи келген дабыш дүңк
бир башкача басып чөптүн артын көздөй кетти. Бала о
байкады бул адамдын дабышы эмес экенин. Биринчиси т
экинчиси уй саап жүргөн аял деп баамдады акыры. Ошонд
жүрөгүнүн лакылдаганы бир аз басаңдап, денесинин тыры
жазылгандай болду. Дагы бир аз отурган соң акырын
чыгарып эки жагын карады. Көрсө уй саар маал болуп, а
анча-мынча эрте турган эркек кишилер пайда болуп кал
Баары бүттү дегенсип тээ чыгыштан жаркылдай чыга келг
тоо башында илинип турат.

Акырын үймөктүн түбүнөн чыгып, короонун арты
көчөнү көздөй басты. Бул айылдын эли короолорду жол жа
зым менен тосмолоп, анан зым торду түптөй жыш тал оту
салышчу. Бала жашынган үйдүн ээси дагы жыш тал отур
экен, ошол талдарды аралап өтүп, башын чыгарып көчөнү к
Жанагы өзүн кууган машина көрүнбөйт. Анда-мында
бүткөн аялдар уйларын көчөгө агыта башташыптыр. А
көрүп бир аз демине дем кошула түштү да, зымдардын ара
этияттык менен өтүп көчөгө чыкты. Бирок, ошондо да к
ортосу менен баса алган жок. Аландап эки жагын каранган
короолорду, тал-теректи түптөп үйүн көздөй жөнөдү. Бир
эсине кароосуз калган койлору келди. Эми атасына ко
эмнеге таштаганын кантип түшүндүрөм деген ой мээси
баштады. Чын эле бул атасы Сатый менен дагы, апасы

Ошондон улам атасы ага тапкычтык менен коңгуроо жасап берип койгон. Баласына эң чоң жардамы ошол болду анын. Ошону менен жаз-күз койдун өтөлүн ушул шыңгырак дудук алчу. Таң атпай баланы ойготуп, колуна бир шише айран, бир тегерек нан карматышчу да, малын алдына салып талаага кетирип ийишчү. Башында кичинекей неме ойноп кетип, же койлорун таштап үйгө эрте келе калып жүрүп бир нече жолу аёосуз токмок жеди. Андайда атасы аны чоң кишини ургандай кызыл камчыга алып сабачу. Эч ким, ал тургай тууп өстүргөн апасы да болушчу эмес. Ошентип жүрүп байкушту кой артынан калбаганга үйрөтүштү. А кийин болсо шыңгырак дудук жерге жарык кире электе туруп, малын короодон чыгарып кеткенге көндү. Апа сөрөйү күндүз кечке жей турган наны менен иче турган айранын жатаарда эле даярдап, бир баштыкка салып босого жакка коюп койор эле. Андан башка уулунун камын көрүү, эс алдыруу, эркелетүү деген анда болчу эмес.

Кыскасы баары ага кулагы кесик кулдай мамиле кылчу. Бир туугандары болсо ал жок бир да жумуш кылчу эмес. Ал тургай кээде бир канча жумушту ага көргөзүп коюп, өздөрү ойноп кетишчү. Же эч нерседен бейкапар жылуу-жумшак үйдө отурушчу. Дудук аларга башында атаандашканы менен кийин көнүп деле калды. Анын оюнда ушунун баары бул жашоодо кадимки эле көрүнүштөй, ал тургай өзү көр оокат үчүн гана жаралгандай сезилчү. Оюн, жаңы кийим, даамдуу тамак дегенди такыр эле самабай да калган.

Баса, мунун дагы бир өзгөчөлүгү бар эле. Анысын айыл эли кийинкиге чейин оозунан түшүрбөй аңыз кылып жүрүштү. Башында мунун андай жөндөмү бар экенин эч ким деле байкачу эмес. Балким ошол окуя болбогондо дагы деле билинбей калмак. Кыскасы, ал мындай болду. Бир күнү кечке маал дудуктун кою кандайдыр бир кысталыш болуп көчөнүн кесүүсүнө кошулуп кетти. Айтмакчы, бир көчөнүн эли койлорун кезектешип кайтарып жүргөндө, дудугуна таянган атасы аларга малын кошчу эмес.

– Менин дудугум эч кимге кор кылбайт. Өзү эле кайтарат

Ошону менен кесүү кайтарган балдар койлорун айдап
ти. Ойноок балдарга баары бир да. Дудуктун кою кошулду
бөлүндү, бүттү. Мындай окуя беркилер үчүн кеп кылаар
арзыбаган иш эмеспи.

Бир топтон кийин, күүгүм тартып калганда дудук ко
айдап келди. Атасы аны «элдин эң артында айдап кели
деп үйрөткөн. Байкуш келди да койлорун камап коюп,
туруп калды. Бир маалда алардан 5–6 там ылдый жашаган
өйдөнү карай өттү. Дудук ошону эле күтүп турса керек, п
колдон кармап короосун карай тартып жөнөдү. Тиги ки
«Эмне болду?» дегенин уккан да жок. Же өзүнөн үн чы
Башында кетенчиктеген менен эмнеси болсо да бара көрө
генсип Мукаш анын жетегинде басып короого кирип барды
түз эле аны койлордун жанына алып келди да, бир жерге ту
коюп, өзү аралап жөнөдү. Берки болсо анын кылыгын түш
дагы эле башы маң. Бир маалда дудук бир ак койду шый
кармап, дуңдап чакырды. Барып караса өзүнүн кою. С
түшүндү иштин жайын. Көрсө анын бир кою буларга ко
кеткен тура. Бирок, иштин эң кызыгы, бул бала короосуна
чоочун кой Мукашка таандык экенин кайдан билди десең?
анын бул жоругун кошуналар бүтпөс кеп кылып айта баш

– Тобоо, ал менин малымдын энин билет экен эй? – деп
чыкты Мукаш эртеси эле айылга. Андан кийин кошунала
кой толуктаганына, малды кандай таанырына кызыгып, к
башташты. Ошондо билинди бул баланын шумдуктуу өне

– Шумдугуң кургур, ал биздин көчөдө кимдин малына
эн салынганын жатка билет экен,– деп жатышты алар
кеп кылып.

– Эй аны айтасың. Өмүрү мектепке барып, эсеп-чотту
бөгөн неме, өзүнүн койлорун кантип толуктайт экен дебей
би,– деп ачылыш кылды дагы бирөө. – Ал деген ар бир
өңүнөн тааныйт экен. Агын актай, карасын карадай т
алыптыр.

Айылдыктар башта ишенбей, атайылап сынап да кө

Бул биздин каныбызда бар. Бул балам мал багып турса берки балдарым деле окуп-чокуп чоң адам болот,– деп койчу Сатый элге мактангансып. Бирок, ал дудукту эл көзүнө эле балам дегени менен, нары жагында эч качан баладай көргөн жок.

Азыр да байкуштун көз алдына атасынын ачуу жүзү тартылды. Чын эле кантип айтат ал атасына? «Мени бирөөлөр кууду, тапанча менен атты» дегенди кантип айтат? Эмне деп айтат? Атасы анын айтканын күтөбү? Же «кой кана» деп колуна тийген неме менен чаап, сабап киреби? Ушул ойлор баланын мээсин мурдагыдан да мыжый баштады. Байкуш, үйүнө жетээрин жетип, бирок дарбазаны ачып кире албай далдырап туруп калды. «Кантип айтам? Эмне деп айтам?» деген суроолор миң ирет кайталанып, жообу табылбай жатты. Дарбазаны ачаарын, же ачпасын билбей туткасын кармаган боюнча тура берди. Ушул маалда үйдүн эшиги ачылгандай болду. Дудук дарбазага жакындай калып тешигинен шыкаалады. Так эле атасы экен. Бир нерсеге нааразы болуп алган окшойт. Кабагы бүркөлүп, жини келгендей сүйлөнүп атат. Баланын оюна дароо койлору келди. «Таштап кеткенимди билип алган го» деген ой зып дей түштү мээсине. Кирерге тешик таппай кайсалап, үйдүн артын көздөй айлана чуркады. Тамдын артында мал кирип-чыга турган зым эшик бар болчу. Ары-бери аттап өтүп, дубалга далдаланды. Атасы чын эле бирөөгө нааразы болуп алыптыр. Өзүнчө сүйлөнүп алып эшиктин алдына чыкты да, көчө ылдый басып кетти. Байкуш дудук Сатый ылдыйкы кайрылыштан бурулуп кеткиче чый-пыйы чыгып, жанын коёр жай таппай турду. Качан атасынын карааны көрүнбөй калганда чымылдаган бойдон койлоруна жөнөдү. Бирок бул жолу көчө менен кетүүдөн айбыгып, аңызды аралап, талааны аралай чуркады...

* * *

Надыр облустун коопсуздукту коргоо мекемесинин кылмыш иликтөө бөлүмүндө бир топ жылдан бери эмгектенчү. Ал өз ишин жан дили менен аткарып, кызматына ак мамиле кылган чыныгы милиционерлерден эле. Далай эле кызматкерлердей болуп жеп

Мына, бул жолу да капкайдагы борбордон алыскы
катталган кылмышка Надырды шилтемей болду. Нө
аркылуу айттырып бөлмөсүнө чакыртты. Баса, начальни
болсо өзүнө түз чалууну да ыраа көрчү эмес. Атайын кыр ке
нөөмөтчү аркылуу сүйлөшө турган.

Көп күттүргөн жок. Эшигин такылдатып кирип келд
бойлуу, түксүйгөн кара каштуу, акырын сүйлөгөн, сыпаа
болчу.

– Чакыртыпсыз,– деди ал кирип жайланышкан соң.

– Ооба,– чакырттым деди башчы кабагын чытып.
Кара-Таштын аймактык милиционери телефон чалды. А
айылына жакын топурак алган карьерден адамдын
табылыптыр. Жергиликтүүлөрдөн эмес дейт. Чекесине
октон улам көз жумуптур. Айтымына караганда чоң к
болгон окшойт. Тезинен ошол айылга жөнөгүлө. Сөөктү бул
изилдөөгө салып жиберип, өзүң ошол жакта кал. Эл-ж
сураштыргыла. Көргөн-билгендер бардыр. Кандай маалым
босун дароо билдирип тур.

– Макул. Кайсы машина менен барабыз?

– Моргдон машина барат да. Ошону менен эле бар?

– А келгенимечи?

– Надыр, эркелегенди койсоңор боло. Машина тартыш
турганын көрүп турбайсыңбы...

Берки унчуккан жок. Баары бир унаа берилбесин
билчү. Кызматтык машиналар короодо бош эле турат. Бу
чынын жөн эле кычаштыгы. Бөлмөсүнө жетип эле моргд
маткерлери менен байланышты. Убакыт болжошуп алып а
тамтыгы чыккан унаасына түшүп, тоо этегинде жай
айылды көздөй жөнөдү. Үйдө аялы, үч баласы күтүп отур
рок, кызмат деген кызмат. Аларга карай турган убакы
Чөнтөк телефонунан кыска маалымат жиберип тим болду
наа кылбас үчүн дайыма ушунтип коёт бир жакка кет
Болду. Ошол кыска маалымат жөнөтүү жетиштүү. Майр
болобу, бала-чакасынан бирөөнүн туулган күнү болобу, аг

очок алаарда, кайрадан түп көтөрүлтүп көчүрүп жөнөшөт. Уламулам окуусунан, дос-жарынан калган балдарынын кыйналганын айтпай эле кой. Анан барган айылга көнүшмөй, ал жердеги жаңы батирин жууп-тазаламай, оокат-кечесин үйүп-жыйып ташымай. Деги азабы көп.

Надыр ушуларды ойлоп келатты. Анын бул аймакка которулганына бир жылдын жүзү болгону менен азыр бара турган айылга жолу түшө элек болчу. Мурда-кийин тааныш болуп, келип жүргөн жер болгондо иш кыйла жеңилирээк болот беле...

Табылган өлүктү жергиликтүү эл аңдан чыгарып, бери көлөкөгө жаткырып, үстүн жаап коюшуптур. Нары жак, бери жагын тегеректеп бир топ адамдар жүрөт. Күнүмдүк турмушка жаман да болсо бир аз боёк кошкон бул окуя элет ичиндегилерди өзүнө тартып, кызыгуулары тарабай турган экен.

– Кудайга тообо, бу жалданма жан алгычтар ушул жакка да келген тура,– деп жакасын кармап жатышты алар. – Элүү жылда эл жаңы деген ушул. Болбосо мындайды кинодон эле көрчү эмес белек. Кара чечекей адамды өлтүрүп, аңга көмүп кетет деген качан болду эле кыргызда?

Надыр алар менен сылык учурашып, биринчи ким көргөнүн, кандай көргөнүн сураштыра баштады. Жанында жолдош болуп аймактык кызматкер, айыл өкмөт жана бир-эки жергиликтүү өкмөт адамдары жүрдү. Өлүктүн түспөлүн кылдат карап эле анын ур-токмокко алынганын жана тапанча чекесине такай атылганын билди. Баса, анын улуту башка экени жергиликтүү элди эле эмес, өзүн да таң калтырды. Калкынын токсондон ашык пайызы кыргыздан турган алыскы аймакта чет элдикти өлүү эмес, тирүү жолуктуруунун өзү сейрек учурай турган көрүнүш эмеспи. Кылмышкерлер дасыккан адамдар окшойт, бир да белги калтырбаптыр. Бир гана ушунча шарт турганына карабай, чала көмүп кетип калганы кызык. «Демек, аларга бир нерсе тоскоолдук кылса керек» деди ичинен. «Эмне шаштырды экен? Кап, издерге карап, канча адам экенин билсе болот эле, кашайып топураган кишилер

Анан аңдын үстүңкү кырына чыгып тиги ойдундагы
жүргөн элди карады. Морг кызматкерлери сөөктү алып ке
бери алар бир топ азайып калганы менен, дагы эле айлан
басып жүргөндөр суюла элек. «Ээх, элет элинин кебелбеге
дарын карачы. Бирөөсү да шашып койбойт» деп ичинен
ыраазы болгонсуду. Алардын ушул жөнөкөйлүгү, камыраб
да жакчу өзүнө. Жакпай анан?.. Дайыма кайдадыр шаш
жандалбастап жүргөн шаар тургунуна булардын минтип
суктанаарлык көрүнүш эмеспи. Анын үстүнө өзүнүн да ал
балалыгы айылдын так ушундай карапайым адамдарь
эриш-аркак өтпөдүбү.

«Ишти шашылыш токтотуп, машинаны катуу айдаг
нине караганда кимдир бирөөдөн качып, же кимдир бирөө
кетишкен көрүнөт. Ким болду экен ал? Качышты бек
куушту бекен? Ушул айылдын эле тургунубу же... Ушул
сөөк какшаткан суук түнүндө таң атпай бул жерге кайсы
келиши мүмкүн. Болду-болбоду жергиликтүүлөрдөн...
жергиликтүүлөрдөн болсо эмнеге эмдигиче көргөн адамды
шообраты жок? Элеттиктер демейде мындайды ичине кать
албайт эмеспи. Бат эле дуу болуп чыгышы керек эле. Же
ала кетиштиби? Же өлтүрүп кетиштиби? Жок... Жок,
эмес. Андай болгондо эмгиче жоголгон адам да билинмек».
дан ойго батып ары-бери басты. Бир кулагын айылдын таза
жара бакылдап сүйлөгөн кишилерге да салып, алардын к
тыңшады. Тигилер ылдый жакта, а бул болсо үй боюнчаль
чанын кырында тургандыктан алардын үнү шашпай угулуп

– Ой өлүктү биринчи ким көрүп, милицияны ким чакы
деп бул жерге жаңы келген бирөө кызыга сурады турган

– Жаныбектин баласы көргөн тура.

– Кайсы, жанагы чоң баласыбы?

– Жок берки карасы. Түндө бир ую келбей калып ошон
келиптир. Келсе аңдын ичинен эле карга-кузгун ай
калыптыр дейт. Анан, уй өлүп калганбы деп жакындап
карап алып кайра айылды көздөй бакырып качкан тура.

Аңгыча, аңдын ичинде тургандардан экөө аттарын минип жардын кырына чыкты. Бирөөсү Надырдын жанына токтоп, тоо тарапка турнабай сала баштады.

– Бүгүн үчүнчү күнбү? Базарга чейин букамды табышым керек эле,– деди ал көзүн дүрбүдөн албай.

– Уулуңду эле жиберип ийбейсиңби,– деп жооп кылды ага жанындагы.

– Ал мектептен бошобой жатат. Жанагы алтын күз деген майрамга даярданабыз деп эле кереэли кечке мектепте жүрөт.

Надыр аларды угуп саал ойлоно калды. Анан жакындай басып,

– А жанагы кара бала мектепке барбайбы? – деп саал кызыккансып сурады.

– Барбайт ал. Аны менен шыңгырак дудуктун атасы жыргады. Баланын баары мектепте жүрсө, ал экөө талаада мал артынан жүргөнү-жүргөн.

– Шыңгырак дудук дейсизби? Аты шумдук го.

– Аты эле дейсиңби, өзү да шумдук анын. Байкуш таң атпай, эл тура электе койдун артынан кетет да, кереэли-кечке кайтарат. Жаанбы, суукпу урганы да жок. Оорубайт дагы, ыйлабайт дагы. Жаны жан атаң гөрү

– Таң атпай кетет дейсизби? Кайда кайтарат коюн? – Надыр эми кызыга сурай баштады. Окуянын түйүнү чечилип бараткансып, көзү балбылдап кетти.

– Эми ар кандай. Кээде тиги туура жолдон чыгып, тээ тиги дөбөлөрдү көздөй жайып кетет. Кээде ушул дөбө менен өтүп, тээ тиги бетке жаят.

– Бүгүнчү? Бүгүн кайда жайыптыр?

– Билбейм бүгүн кайда экенин. Эй, Сапар! – тиги киши аңдын ичин карап кыйкырды. – Жанагы шыңгырак дудук бүгүн коюн кайда жайыптыр?

– Дудукпу? Ал тигине, мандайдагы бетте жүрбөйбү.

– Аа, тигине. Тиги бетте жүргөн ошол шыңгырак дудуктун коюу тура. Өзү кайда кетти экен? Көрүнбөйт го! Тиги киши эми ошол бетте жүргөн койлорду карай

ы болсо бир аз акылы кем. Аны да атасы
алды.
сүйлөгөнүн укkан да жок. Көзүнө тиги ки-
гакап алып, маңдайындагы жантай бетте жа-
дун чеке-белин сыдыра карап, кой кайтарган
:.

рбү аны? – деп сурады Надыр жанындагы

игилер таң калгандай. Бу милициянын бул
ап капкайдагы дудук балага кызыкканы
олуп турду.
эсине бере салып жардын кырына саал

укту кимдир бирөө көрдүбү? Жүрөбү ал? –

дамдар бири-бирин элейип карап калышты.
айтып, Надырды суроолуу карашты. Аны
акылдарына чүргөлбөй койду.
го байкушту? Же салып кетишти бекен?»
алды Надыр.
' Баласы үйүнө келиптирби? Надыр кайра
дан.
өдү беле ушул жерде. Чоң тору ат минген
ди тургандардын бири.
үндүз дегеле үйүнө барбайт. Коюн ташта-
ёр аны коюн карабаса.
Үнүн Кудайга жеткире сабайт тура ал.
ачы жан болот экен, тообо!
на шаштысы кетти. Артында турган
шарт эле.
ейин, атыңызды берип турунузчу,– деди
«мейли» деген болуп атынын чылбырын
инде көп эле атка минип көнгөн Надыр
бетти карай желдире бастырып жөнөдү.
ы элейе карап

камдап, суукка камынып алчу. Кеч кирээри менен мештерге
ну, көңү шыкай жагылып, боркулдап казаны да кайнап, ча
да чыйылдап чыга келет. Үй ичи болсо оттун жагылышы ме
кутка бөлөнүп, өзүнөн-өзүң мемиреп, өзүнөн-өзүң жаның серги
Ал эми көмөч казанга бышкан ысык нанды каймакка мать
жеп, артынан сүт кошулган ысык чайдан ууртап боргулдан
оттун алдында отурсаң бул өзүнчө эле айтып бүткүс керем
Андайда сыртта улуп-уңшуган аяз турса да сөөгүңдүн музу
чейин жибип, көңүлүң көтөрүлүп чыга келет.

Айылдагы аймактык милициянын үйүндө отуруп Надыр уш
ларды ойлоду. Курсактары тойгонуна курсант болуп, бир тегер
таттуу токочту кармап алып мештин артында ойноп отурга
балдар анын көзүнө ысык көрүнүп, өзүнүн тээ артта калган бал
күндөрүн эске салып өттү. «Атаганат, ошол күндөр бир кайрылы
келсе кана!..»

– Начальникке чалдыңызбы? – деп оюн бөлдү Канат.

«Эмнеге чалам, кайсы начальник?» дегенсип бир саам элей
карады аны Надыр.

– Ал эмне деди? Машина жибермей болдубу? – деп суроосу
улантты берки Надырдын жообун күтпөй. Кептин төркүнү
ошондо түшүндү.

– Аа. Ага чалганда эмне? Баягы эле да. «Көргөн-көрбөгөнүн
так билбегенден кийин аны алып келгенде эмне?» – деп оңурандап
койду. Билгем анын ошентээрин.

Ошону менен кайра унчукпай отуруп калышты. Надырдын
көз алдына эми кой артынан делпектеп чуркап жүргөн чилмийген
ырык бала тартылды. «Байкуш ай» деп ичинен сызып алды. Ко-
луна тынымсыз шыңгыраган коңгуроо байланган чыбык көтөрүп
алыптыр. Баса, аны жана аттанып барганда таба албай бир топ
убара болду. Бери жактан баратканда жакшы эле бир баланы
көргөндөй болгон. Бирок, жакындай берип эле эч кимди таппай
калса болобу. Жайылган койду тигиндей тегеренип карады,
мындай тегеренип карады, жок. Кыйкырып
ттын

өлүп баратса таштабайт дешти эле. Демек ушул айлан
отурат» деп ичинен кымылдап отурду. Жаңылбаптыр. Ж
өзү караган бадалдын түбүнөн суурулуп чыга келди. «Шу
кур оой, кантип жашынган ага? Карабадым беле жакш
деп башын чайкады Надыр. Утур-утур Надыр кеткен жа
карап, тигил ылдый жактагы кишилер топтолуп тург
жакты бир карап коюп коюна чуркап келди да, бир а
тоону карай имерип жиберип дүпүйгөн шыраалжындын
отура кетти. «Эми коркутпай акырын барайын» деди
ичинен. Байкуш бала чоочун немеден чочулап айылды
качып кетеби деп ичинен санааркады. Ордунан туруп ары
атын кармап минип, жок издеген киши болуп койду арал
келди. Ушинтип чыкса тигинин көңүлү бир аз токтолоо
амалы болчу мунун. Балким кепке да ушул койлор а
тартам деп ойлоду. Бирок, кепке тартып кете алаарын
жеткен жок. Бир ооз кеп айта албаган тилсиз менен эми
сүйлөшөөр экен? Акырын көздүн кыйыгын салды балага. Б
кудум дыр берип үркүп кетээр жапайы улактай элейип
туруптур. Көзүнөн мөлт-мөлт куюлган жашы жаак ылдый
кеткен. Өзү эле илмийип арыктаган, кан-сөөлү жок куп-к
экен, эми минтип коркунучка кабылганы ого бетер көзү а
ого бетер корунуп калган. Ансыз деле боорукер неме эле, ба
кебетесин көрүп жүрөгү зыр-зыр этип тилинип кеткендей
«Алда бечара ай!» деп алды ичинен. Анан калп күлгөн
койлорду жаңсап бармагын көргөзүп «баракелде жиги
баркылдады. Дагы бир бастырып аралады да, семиз ко
көргөзүп «мону канчага сатасың я, досум?» деп көңүлдүү с
Дудуктан болсо үн жок. Дагы эле жанагыдай аландап өз
карап, тигил алаканга салгандай көрүнүп турган дөбөдөгү
лерди бир карап турат. Шакмарлап кирдеп, жедеп жа
ланып бүткөн күрөң күрмөсү менен мурдун аарчып, бы
колу менен жаашын аарчып коёт. Надырдын жүрөгү дагы ч
кетти. «Адам эмес турбайбы, адам эмес!» деп нары карап с
алды. «Байкуш чиедей болгон немени жылуураак кийинти
коюшса эмне» деп дудуктун ата-энесин жемелеп жатты

Тигинин түрүнөн баары бир сүйлөшүүгө болбосун билди. «Кечинде үйүнө барып сүйлөшпөсө болгудай эмес» деди да дөбөдө турган аттын ээсин карай бастырды.

Ошол ошо болгон. Атты ээсине берип кетиргени менен баланы аяй карап дөңдө бир топ отурду. Акыры күндүн суугу жанынан өтө баштаганда айылга бет алып участковойдун үйүнө келди. Экөө бир аз кеңешип алып дудуктун үйүнө барышты. Бирок, бул жолу деле кыйратып маалымат ала алган жок. Атасы дугдуңдап орой сүйлөгөн киши экен, «кайдан билмек эле? Көрсө келип айтпайт беле» дегенден башка эч нерсе айткан жок. Акыры сыртка чыгып баланын үйгө келишин күтүп калышты. Демейде баласын «элдин артында келип жүр» деп урушчу атасы бүгүн аяган болуп эң кичүү эрке уулун «койду айдашып кел» деп жиберди. Анысы так кетээрде апасы артынан чыгып,

– Ме, мобу жылуу күрмөнү да берип койчу. Тоңуп калды го байкуш,– деп жаңыраак кара күрмө берди. Участковой Канат мыйыгынан жылмайып алды да Надырды акырын жеңден тартып, канынан жаралган баласы экенин булар бүгүн билишти го, я,– деп шыбырады. Надыр болсо бечара дудуктун тоодогу элесин унута албай, унчукпай тура берди. Көп өтпөй эки бала койлорун айдап жетип келишти. Берки жардамга барганы деле баары бир бала эмеспи, ата-энесинин бүгүнкү анткорлонуп атканын ойлоп да койгон жок. Адатынча дудукка койду айдатып коюп өзү аркасында шашпай ойноп келетат. Улам-улам таш алып урган болуп коёт. Үйгө жакындап калганда гана койду таштап, булардын жанында турган атасынын жанына чуркап келди да:

– Ата, ата, дудук айран куйган бөтөлкөсү менен нан салган баштыгын жоготуп ийиптир,–деп сүйүнчүлөгөнсүп кыйкырды.

– Ой энеңди урайын. Ушинтет эми,– деп бир ызырынып алды Сатый. Бирок, жанында турган өкмөттүн адамдарынан жалтайлады окшойт, кайра кебин буруп кетти. – Буга күнүгө баштык берип атып баштык да түтпөс болду. Эми эртең эмнеге азык салып кетет экен?

Чоочун кишилерден коркуп турган неме азыр этегине жармаш-

– Аа, эми суук түштү ал деле болот. Кантип ушул чыч
немени ачка коёлу,– деп кайпактады атасы. Анан берк
баласына карап: – Тур тиги койлорду короого кама. Тигил
үйгө,– деди.

Эркеси элтейип атасын бир карады да анын түктүйгөн ка
көрүп койду карай чуркады. Бечара шыңгырак дудук к
кечке оттогонго курсактары кампайып ынтыккан кой
тыгылыштырбай чубата айдап киргизип аткан болчу.
чуркап барып чыңкылдап «үйгө кет» дегенде гана элеңдеп
турган жакты карап алып, үйгө кирип кетти.

– Э Зуура! Чай берип, курсагын тойгуз баланын. Азыр
киребиз,– деп заңк этти Сатый дудуктун артынан.

Чогуу деле кире беришсе болмок. Бирок, үй ээси ка
көчөнүн өйдө жагын бир карап, ылдый жагын бир
маалкатып тура берди. Бир топто араң,

– Жүрүгүлө,– деп экөөнү үйгө чакырды.

Бирок, алардын жардамы менен деле кыйратып маа
ала алган жок. Надырдын көзү даана жеткен бир гана
байкуш баланын өтө катуу коркуп калганы болду. Ким
сурабасын, башын чайкап же көзүн жалдыратып гана
бергени менен жалжылдаган көздөрдө укмуштуудай чоң ч
турду. Ушул жерден анын ата-эне сөрөйгө дагы жаны каш
«Булар деле сүйлөшө албайт турбайбы муну менен. Кор
үркүтүп жумшагандан башка эч нерсени билишпейт тур
ичинен түтөп отурду. Акыры өз үйүндө деле эч нерсе ч
албасын билип, кейий коштошту да, ордунан туруп чыгып
Артынан Канат кошо чыкты. Надыр жинин баса албай бир
чейин дуңкулдап келе берди. Акыры жинин чыгары
буркулдап,

– Бул бала бирдеме билет. Көргөн бул бала. Биз гана
албай атабыз,– деди. Дагы бир саам унчукпай баскан сон

– Эптеп ушул ишти бүтүрүп алайынчы, андан кийин б
түнөтпөйм баланы бул үйгө – деп ызырынды.

да эрте ойгонуп үстүнө Канаттын эски күрмөсүн баса кийип сыртка чыкты. Күн али чыга элек болчу. Кечээ кечке маал асман бетин бербей каптап келеткан булуттарды түнкү шамал алда кайда сүрүп кеткен окшойт. Болбосо бул кебетеси менен кар деле жаап коймок го.

Булар жаткан үй айылдын чыгыш жак четинде болчу. Зым менен тосулган анча чоң эмес бакчанын нары жагы эчак эгин-тегини орулган сап-сары талаа. Ар кай жеринде шашпай басып субай-султаң мал оттоп жүрөт. Айыл эли болсо али жылуу төшөгүнөн тура элек. Айлана жымжырт. Надыр ичиркенип турганына карабай айылдын таңкы таза абасына, тээ бала чакты эстеткен көрүнүшүнө суктанып басып жүрө берди. Оюна капкайда калган балалыгы келип, көңүлү бир эсе көтөрүлүп, бир эсе ошол күндөрүн сагынгансып туталанып баратты. Бул минтип басып каякка чейин бармак ким билсин, аңгыча таңкы таза аба менен тараган коңгуроонун тынымсыз шыңгырагы көңүлүн бузуп кетти. Бул маалда айыл ичинде кайдагы коңгуроо? Ким болуп кетти дегенсип эки жагын карады. Тигине, ылдыйраактагы короодон алдында койкоңдой баскан кара теке, он чакты эчки баштаган койлор чыга келди. Артынан өңү өчүп кеткен күрөң күрмөчөн бала таягына байланган коңгуроосун ары-бери шаңгыратып койду айдап алыптыр. Башына кайсы атасынан калганы белгисиз эски малакай, бутуна чоңураак желим өтүк кийип алган. Кечээ эле топтоголок болуп тоюп келгенине карабай, тим эле көптөн бери ачка калгансып ар кай жерге токтой калып жутуна тытмалаган койлорду таягы менен чымылдата кубалаган сайын коңгуроосу таңкы абаны жарып шаңгырай калып жатты. Айрыкча жаны тынбаган эчкилердин убарасы күч. Сербеңдеген улактар улам бир талды тегеренип эки аяктап тура калып кабыктарын сыйрып жеп жиберип, же тосулуп турган зым короону аралап кетип жөн басышпайт. Ушулар менен алек болуп келеткан бала качан бери жакта өзүн кызыгуу менен карап турган Надырды көргөндө элейип тура калды. Ал тургай артка бурулуп качып кете жаз-

бошотуп четке чыга берди. Ошондо да дудук бир са
жаздымда калтырбай улам-улам кылчактай каранып ко
зыркырата айдап талааны көздөй жөнөдү. Бул жолу Надь
колундагы баштыгына назар оодарды. Сатыйдын аялы д
бир нан менен бир шише айран берип койгон экен. «У
сөөк какшаткан сууктун күнү муздак айран балага ка
азык болоор экен деги?» Ичинен ызырынып сүйлөнүп-сү
алды да, шарт бурулуп артын көздөй жөнөдү. Ошол
дүңкүлдөй басып үйгө келсе Канат дагы эле уктап атыпты
болсо жаңы эле туруп от жага баштаган экен. Маана
учурашты да, өзү жаткан үйгө кирип кетти. Канаттын ал
чыгып калган баласы менен бир бөлмөдө уктаган болчу
ал чукуранып коюп таттуу уйкуда жатат. Наристе баланын
үйдө мемиреп уктап атканын көрүп көзүнө жаш тег
«Бечаранын ушул баладан айрымасы канча дейсиң... Ашы
3–4 жаш улуудур. Карачы эми оюндан башканы билбей
маалда тигинтип таң атпай түйшүккө салып коюшкан
болгонун урайын ошол Сатыйдын. Апа болгонун урайын...»
бир топко кейип отурду. Бир туруп азыр эле барып арыз
баланын укугун тебелеген немелерди жоопко тарттырып,
алып кетейин дейт... Бирок, берки иштин жүрүшүнө
кылып алуудан коркот. Деги тиги кылмышкерлердин ке
көргөн жалгыз күбө ушул гана болушу мүмкүн. Атагана
болгондо эмне...

– Чай ичиңиз байке.

Надыр чочуп кетти. Ойго катуу берилип кеткен экен

– Азыр,– деп жооп бере салды да жаткан ордун жыйн
коюп сыртка чыкты.

Шыпылдаган келин нары-бери чай кайнатып, кечээк
ган этти ысытып ортого койду. Надыр жайланышкыча К
жуунуп келип дасторкондон орун алды. Анча-мынча кобу
болуп чай ичип отурушту. Курсактары тоюп болгон кезде

– Айылдын кайсы жеринде дүкөн бар? – деп сурос
Канат эмне кыласыз дегенсип карап калды эле, аялы эл
кылып биринчи жооп кайтарды.

шашылбаган элет эли. Өз элинде жүргөндөй улуу-кичүү дебей баары менен учурашып жүрүп отурду. Барса дүкөн бек экен. Эмне кылаарын билбей туруп калды. «Дүкөнчүнү ким деди эле, аты ким эле» деп эстей албай жатты ал. Аңгыча арттан бирөө:

– Дүкөнгө келдиңиз беле? – деди учурашып бүтүп эле.

– Ооба. Качан ачылат?

– Тетиги дарбазаны такылдатып Жайна эже деп чакырсаңыз чыгат.

– Аа, рахмат. Ырас болбодубу.

Эсинен чыгып кеткен экен. Бул жерлерде дүкөндөр шаардагыдай дайыма ачык турбайт эмеспи. Көпчүлүк убакта боозун калдайган кулпулар кайтарып турган болот. Бирок, ээси дүкөндүн жанында эле жашагандыктан, кайсы убак болбосун ачтырып алып соода кыла бересиң. Бул жолу да ошондой болду. Дарбазаны бир-эки такылдатканда эле башына бир байлам жоолук байлаган бирөө чыга келди да, көп деле суроо суратпай дүкөнүн ачты.

* * *

Тоо-ташты темселеп жүрүп дудукту араң тапты. Жоругу жолдо калган бала бүгүн демейдегидей коюн төштү көздөй айдабай, түптүз эле аңызды аралатып отуруп айылдын ылдый жагындагы сууну көздөй жайып кетиптир. Аны антип ылдый кетет деп ким ойлоптур. Анан калса ар кай жерде эле топ-топ болуп жайылган койлор. Эгер кечээки атын берген киши жолукпаганда Надыр тиги төш жактан эле издеп жүрө бермек. Ошол киши көрүптүр. Кечээ сатам деп жүргөн букасын издеп жүрүп дудукка жолуккан тура. Анын айтуусу менен тез эле таап келди. Бирок жакындап келээрден мурун алыстан акмалап, баланы бир сыйра карап алды. Болбосо кечээкидей жашынып алса, бул кокту-колоттун ичинен таптыргыдай эмес. Ар кай жерде дүпүйө өскөн бактар да бар экен. Акмалап отуруп дудук качан талааны көздөй жайылган койдун алдын тоскону басканда бул да аны көздөй жөнөдү. Нары

булгалады. Өзү токочтон бир сындырып жеди да, ширеден ж
чөйчөккө куюп кере жутту. Анан желим кашык менен калай
балыктан сугунду. Макиси менен алмадан кесип оозуна с
тамшана чайнады. Өзү ушунтип азыктанып атканы менен
тигинде турган балада. Анысы болсо ошол ордунда кыймыл
турат. Деги эле жакындачудай эмес. Анын келбесин бай
соң ордунан туруп жайылган койду айлана басып кетти
туурары менен тиги да элеңдеп кыштакты көздөй дыр бер
обдулуп алды да, кайра негедир бир нерсесин кыя албай атк
токтоп калды. Ооба, ал койлорун таштай албай жатты. Ж
эле жерде бир канча короо кой жайылып жүргөн. Кокус
алыстаса эле аралашып кетчүдөй. Анан калса алардын
мурункудай кошуна-колоңдун эмес, ушул жактагы сарай
жашаган койчулардыкы болчу. Кокус аларга кошулуп кетсе
алыш кыйынга турмак. А атасына эмне? Коркуп атасыңбы,
аңдып атабы, ага баары бир эмеспи. Койлору короого толук
калганын билчү болсо оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып
жатып калмак.

Байкуш бала ушуларды ойлогондо бир карыш алыстай
буйдалып тура берди. Бирок, көз алдынан бир күн му
куугунтук кетпей жүрөгү лакылдап жатты. Баары бир жа
таттуу тура чиркин. Ал ушинтип кечке деле тура берм
Ооба, Надыр туруп басып кетпегенде дегеле ал жакка ж
эмес. Көз жоосун ала жайнап турган таттуу-тарапа да аны
койгон жок. Балким өмүрү көрбөгөн немелерге көзү күйүп
дыр, бирок, жүрөгүнө тынчтык бербеген коркунуч аны бы
да жалгыз калтырбай койду. Акыры, айласы кеткен Над
такыр алыстап кетти. Ал ат чабым жердеги коктуга келип
өскөн чийдин далдоосуна отурду. Ошол жерден акырын
чыгарып, баланы аңдыганга өттү.

Бул убакта дудук тиги таштап кеткен дүйүм даамдын ж
